КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН**
**I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 10- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 13- август № 62** **Оргочор айылы**

**Ак-Шыйрак айылындагы "Кой" жана "Топоз" чарбасын "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасына кошуу жөнүндө**

Оргочор айыл аймагынын сырт өрөөнүндөгү "Кой" чарбасы менен "Топоз" чарбасын "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасына өткөрүп, малчылардын эмгек акыларын малдын башын сатуу менен кутулуу максатында Оргочор айыл аймагынын Ак-Шыйрак айылынын айыл башчысы М.Берикбаевдин билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Оргочор айыл аймагынын сырт өрөөнүндөгү "Кой" чарбасы менен "Топоз" чарбасын "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасына өткөрүүгө макулдук берилсин.

2. Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго сырт өрөөнүндөгү "Кой" чарбасы менен "Топоз" чарбасын "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасына өткөрүүгө комиссия курамын түзүп, иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

3. "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасына комиссиянын негизинде "Кой" чарбасы менен "Топоз" чарбасынын малчыларынын эмгек акыларын төлөөгө 2 баш өгүз, 31 баш кой жана карыган койлорду кошуп сатууга макулдук берилсин. АКТынын негизинде чыгышталсын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин финансы пландоо жана айыл чарба маселелери боюнча туруктуу комиссияларына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**